| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br><br>БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XV-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 08-июль **№40** Барскоон айылы

**О. Дүйшөмбиевдин атын Барскоон айылындагы көчөгө ыйгаруу жөнүндө**

Барскоон айылынын тургундарынын Осмон Дүйшөмбиевдин билим берүү тармагындагы, коомдук жана чарбалык ишмердүүлүгүн баалап, элесин түбөлүккө калтыруу максатында айылдагы бир көчөгө атын ыйгаруу боюнча кайрылуусун, Барскоон айыл өкмөтүнүн бул маселеге байланыштуу корутундусун карап жана талкуулап, "Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү тартиби жөнүндө" Жобого ылайык, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат**:

1. Осмон Дүйшөнбиевдин ысымы Барскоон айылындагы Ак-Коргон конушундагы 3-көчөгө ыйгарылсын жана мындан ары "Осмон Дүйшөмбиев атындагы көчө" болуп аталсын.
2. Демилгечи топко Осмон Дүйшөмбиев атындагы көчөнү мындан ары кароо (белгилерди орнотуу, жарыктандыруу, көчөнү түздөп, кум-шагыл төгүп, керектүү жерлерине көпүрө орнотуу ж.б. иштерди алып баруу) жагы милдеттендирилсин.
3. Барскоон айыл өкмөт башчысы А.С.Калыков демилгечи топ менен биргеликте токтомго ылайык уюштуруу иштерин алып барсын.
4. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, муниципалдык менчик жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска